# PLITONIT PLITOFLEX MONTAGE Өтө бекем бекитүүчү монтаждык желим

PLITONIT Plitonit Deutsche Qualität

**ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ**



**280 мл**

- ✓ **MS полимер**
- ✓ **350 кг /м2 – алгачкы жүктөм**
- ✓ **200% чейин — үзүлгөнгө чейинки созулуу**
- ✓ **30 мүнөт — баштапкы катуулануу**
- ✓ **Имараттын ичинде жана сыртында колдонулат**

**Ар кандай түрдөгү материалдарды имараттын ичинде жана сыртында чаптоого ылайыктуу.**

Башка тилдеги нускаманы жүктөп алуу/
Download the manual in another language
kz | az | uz | tj | kg | tm | am | ge | mn

### Область применения

Имараттын ичинде жана сыртында төмөнкүдөй нерселерди чаптоо жана монтаждоо үчүн колдонулат: дубал панелдери, плинтустар, босоголор, агын суулар түтүктөрү, санитардык фитингдер, күзгүлөр, плитка менен капталган бөлүктөр (жашыруун люктарды, экрандарды, үстөлдүн беттерин ж.б. орнотууда). Жоопкерчиликтүү эмес түзүлмөлөрдү жана бөлүктөрдү (жеңил эмеректерди жана техниканы алсыз минералдык негиздерге асма орнотуу) монтаждоодо химиялык анкерге кошумча катары колдонууга болот.

| Чапталуучу негиздердин түрлөрү: | Дубал |
|---|---|
| Керамогранит | + |
| Керамикалык плитка | + |
| Табигый таш (уксус кычкылына туруктуу) | + |
| Жасалма таш | + |
| Айнек (анын ичинде күзгүлөр) | + |
| Пластик | + |
| Жыгач / фанера / ДСП / OSB ж.б. | + |
| Металл (анын ичинде алюминий) | + |
| Бетон жана башка минералдык материалдар | + |
| Орг айнек / поликарбонат | - |

* "Жылуу пол" түтүму менен бирге плитка төшөө технологиясы тууралуу кененирээк маалыматты plitonit.ru сайтынан алсаңыз болот

### Техникалык мүнөздөмөлөрү

| | |
|---|---|
| Өңү | Ак |
| Негиз | STP полимер |
| Эң аз желим катмары | 2-3 мм |
| Иштөө температурасы | +5°Стан +35°Ска чейин |
| Кызмат температурасы | -40°Стан +90°Ска чейин |
| Тыгыздыгы | 1,58 ± 0,03 г/см3 |
| Үзүлгөнгө чейинки созулуу | 200% |

### Негизди даярдоо

| | |
|---|---|
| 1 | Желим сүйкөлө турган негизди кирден жана чаңдан тазалоо, кат-кат болуп жаткан бөлүктөрүн алып салуу, майсыздандыруу жана кургатуу зарыл. |

### Иштерди аткаруу тартиби

| | |
|---|---|
| 1 | Картриджди учун кесип, насадканы бурап кийгизиңиз. |
| 2 | Насадканын учун тигиштин керектүү өлчөмүнө жараша кесиңиз (диаметри 3 мм кем эмес). |
| 3 | Картриджди тапанча-дозаторго салыңыз. Тапанчаны тандоодо каражаттын илээшкектүүлүгү жогору экендигин эске алыңыз. |
| 4 | Желимди негиздердин бирине аралары 10-15 см аралыкта тилке түрүндө сүйкөңүз (абанын жүрүүсүн камсыз кылуу үчүн). |
| 5 | Чапталуучу беттерди бири-бирине бекем басыңыз. |

Жаңы тигишти шпатель менен тегиздөөгө болот. Катуулай элек материалды эриткич менен тазаласа болот, ал эми катып калган материалды механикалык жол менен гана кетирүүгө болот.

### Жумуш аткаруунун шарттары

Иш учурунда жана андан кийинки 3 сутка ичинде абанын, негиздин жана плитканын температурасы +5°Стан +30°Ска чейинки чектерде болушу керек.

### Көңүл буруңуз

Монтаждоо бириктирүүсүнүн бышыктыгы иштин туура аткарылышынан көз каранды. Желим катууланып жаткан мезгилде аны кармоодон качыңыз. Тоңуп калган беттерге сүйкөбөңүз. Катууланууу учурунда спирт же эриткичтер менен байланышуусуна жол бербеңиз. Сууга дайыма чөгүп туруучу жерлерде колдонбоңуз. Өнүм сууга (мезгил-мезгили менен тийүүгө), алифаттык эриткичтерге, минералдык майларга, майлоочу майларга, суюлтулган органикалык кычкылдарга жана щелочторго карата жогорку туруктуулукка ээ. Жыпар жыттуу эриткичтерге, коюу кычкылдарга жана хлордуу углеводороддорго карата туруктуулугу төмөн.

### Сактык чаралары

**САК БОЛУҢУЗ!**

| Жутуп алганда кооптуу |
|---|
| Иштөө учурунда кол капты, атайын кийимди жана көздү коргоочу каражаттарды колдонуңуз. |
| Иштен кийин колду жана бетти жакшылап жууңуз. |
| ТЕРИГЕ ТИЙИП КЕТСЕ, көп суу менен жууп салыңыз, эгерде дүүлүгүү басылбаса, медициналык жардамга кайрылыңыз. |
| КӨЗГӨ ТИЙГЕНДЕ: Бир нече мүнөт бою суу менен абайлап жууңуз. Эгерде контакттык линзаларды колдонсоңуз жана аны чечүү оңой болсо, линзаны чечип, көздү жууганды улантыңыз. Эгерде көздүн ачышып-кычышканы басылбаса, медициналык жардамга кайрылыңыз. |
| БАЛДАРДАН ООЛАК КАРМОО КЕРЕК! |

### Курамы

STP полимер

### Ташуу жана сактоо

Механикалык бузулуулардан сактаган жабык транспорт каражаттарында ташыңыз. Өндүрүүчүнүн жабык таңгагында, желимге бөтөн заттар жок жана жаан-чачындын жаабаган кампа жайларында сактаңыз. +5°Стан +25°Ска чейинки температурада ташыңыз жана сактаңыз.
Өндүрүүчүнүн идишинде сактоо мөөнөтү: даярдалган күндөн тартып 12 ай.

**Өндүрүүчүнүн кепилдиктери**

Өндүрүүчү керектөөчү тарабынан ташуу, сактоо шарттары жана ушул нускамадагы көрсөтмөлөр сакталган учурда, монтаждык желимдин өндүрүүчүнүн мүнөздөмөсүнө дал келишине кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт.

Таза салмагынан ГОСТ Р 8.579-2002ге ылайык четтөөгө жол берилет.

**Материалдын сарпталышы.**

280 мл, 5 мм диаметрдеги тилке менен 11 метрге жетет

**КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮ КОЛДОО КЫЗМАТЫ**

8 (800) 555 - 71 - 67

www.plitonit.ru

e-mail: info@mc-bauchemie.ru